# Алай-Түркстан провинциясы


## 8-класс Кыргызстандын физикалык географиясы

Мугалим: Кубандыкова С.К.

***Аянты 30 миң км²***
***Кытайдын чек арасына чейин 550 кмге созулат.***
***Туурсы чыгышында 110 км, батышында 75 км.***



Фергана өрөөнүнүн түштүк бөлүгүндө жайгашып, орогидрографиялык жактан Алай, Түркстан кырка тоолорунун түндүк капталдарын, тоо этектерин жана алардын аралыгындагы өрөөндөрдү камтыйт. Анын аймагы батыштан чыгышка 550 кмге созулуп, 70-80 км, чыгышында 120-125 кмге чейин жетет. Алай-Түркстан провинциясынын физикалык-географиялык чеги чыгышында -Тар, Алайкуу өрөөндөрүнүн таманы,Алай Терек Тоонун суу бөлгүчү, түштүгүндө, Алай Түркстан кырка тоолорунун суу бөлгүч кыры, батышында Ак-Суу өрөөнүнүн таманы, түндүгүндө Фергана ойдуңундагы Кыргыз-тажик жана Кыргыз –өзбек чек аралары аркылуу өтөт.



# Орографиясы

- Провинциянын орографиялык негизин Алай менен Түркстан кырка тоолору түзөт.
- Эң бийик жери Алай кырка тоосундагы Тамдыкул Чокусу 5539 м,
- Эн жапыз жери _Фергана өрөөнүнүн батыш бөлүгү Лейлек районундаы Арка өрөөнү.



Түркстан кырка тоосунун системасына Адыгене Тоо, Көкчө Тоо, Майдан Тоо, Кара Тоо, Бели Сынык ж.б. кирет.





# Рельефи

- Орографиясынын жана рельефинин азыркы келбети неоген мезгилинде башталган, бүткүл Тянь-Шанды камтыган альпы бүктөлүүсүнүн натыйжасында түзүлгөн
- Алай-Түркстан провинциясында кен байлыктардын бир канча түрлөрү бар.Юра мезгилинде пайда болгон күрөң көмүрлөр Кызыл-Кыя, Сүлүктү, Абшыр жана Алмалыктан казылып алынат. Палеогендин деңиз  чөкмөлөрүнүн арасында топтолгон нефть жана газ өндүрүлүп алынууда.

# Климаты

- Алай Түркстан провинциясынын климаты континенталдуу, кургакчыл.
- Деңиз деңгээлинен 800-1500 м бийиктиктеги тоо беттеринде январь айынын айлык орточо температурасы -3,3˚С (Ош менен Шаймерден метеостанцияларынын маалыматы),
- 1900- 2300 м бийиктикте -4,1-6,5˚С (Айдаркен менен Кичи Алай)
- 2300-4000м бийиктикте -18˚С(Сары Таш) болот.
- Жаан-чачындын жылдык орточо өлчөмү провинциянын батышындагы тоо этектеринде 100 мм, борбордук бөлүгүндөгү тоо капталдарында 400 мм, чыгышында 300 мм түзөт.Тоо капталдарын өрдөгөн сайын жаан-чачындардын өлчөмү көбөйө баштайт.Адырлар менен тоо этектеринде 70-100 *мм*, орто бийикт тоолуу тилкеде 300-450 *мм*ге чейин.
- Провинциянын аймагына жалпысынан жаан-чачындын салыштырмалуу азыраак түшүшү, кургакчыл жай мезгилинин узагыраак болушу мүнөздүү.Ал субтропиктик климаттык алкакта жайгашкандыктан табиятынын жалпы кургакчылдыгы менен өзгөчөлөнөт.

# Суулары

- Провинциянын аймагынан башталган суулар Сыр Дарыянын алабына кирет. Аларга шар аккан тоо суулары, дарыя нуктарын тереңдеткен эрозия процесстеринин ургалдуудугу мүнөздүү.Негизинен дарыялар мөңгү-кардын сууларынан куралат.
- Куршаб,Ак-Буура, Аравансай –Кара Дарыянын сол куймалары.
- Исфайрам Сай, Шаймерден, Сох, Исфана, Ак-Суу Сыр Дарыяга куюшат.
- Сох дарыясы сууларынын чыгымы боюнча биринчи орунда турат. Анын көп жылдык орточо чыгымы 42,1 м$^3$/сек.Кирген мезгилиндеги чыгымы 200 м$^3$/сек.Алабындагы мөңгүлөрдүн аянты 258 км$^2$
- Алай-Түркстан провтнциясындагы мөңгүлөрдүн жалпы аянты 872,2 км$^2$
- Ири мөңгүлөрү – Егоров, Гезарт, Арча-Башы.
- Түркстан кырка тоосундагылар- Ак-Суу, Шуровский, Кишемиш.



# Суулары

- Куршаб суусу






# Өсүмдүктөрү жана топурагы

- Топурак менен өсүмдүктөрдүн тарылыш нымдын жана жылуулуктун мейкиндик боюнча таралышына түздөн-түз байланыштуу.
- Тоо этегиндеги түздүктөр менен жапыз адырлар кадимки боз топурактуу, күңүрт боз топурактуу чөл жана жарым чөл алкактары (1000-1500м ге чейин)
- 1300-2200 м бийиктикте бозомтук күнүрт жана күрөң топурактуу субтропик ландшафтына окшош талаа тилкеси таралган.
- Алай Түркстан тоо кыркаларынын арча токойлору жаратылыш комплексиндеги эң баалуу компонент.Алар капталдарды эрозиядан сактайт, суу куралуу процессине өбөлгө түзөт, жана рекреациялык мааниси бар.
- 3000мден жогору сейрек өскөн жапалак арчалуу субальпы жана кыска чөптүү альпы алкактары 3600-4000м бийиктиктерге чейинки капталдарды ээлейт.
- Алардан жогору жылаңач аскалуу, кар- мөңгүлүү түбөлүк тоң тараган гляциалдык-нивалдык алкак кеңири тараган.

# Тест менен иштөө

1.Алай жана Чоң Алай тоо кыркаларынын ортосунда кайсыл өрөөн жайгашкан?

А)Ак Сай Б) Арпа В)Алай Г) Ат-Башы

2. Кайсыл тоо кыркасы Алай-Түркстан тоо кыркаларынын ичине кирбейт.

А)Түркстан Б)Алай В)Чон-Алай Г)Фергана

3.Алай ойдуңу кайсыл бийиктикте жайгашкан?

А)2500м Б)4000м В)3500 Г)3000

4.Чоң Алай кырка тоосунун эң бийик жери кайсыл?

А)Тоң Мурун Б)Тамдыкул В)Алай Г) Адыгене

5.Алай өрөөнүнүн жалпы аянты канча?

А) 8400км2 Б) 3500 км2 В) 6000км2 Г)4000 км2

6.Алай-Түркстан провинциясына кандй климат мүнөздүү

А)мелүүн Б)курчакчыл В)кескин континенталдуу Г)кургакчыл континенталдуу

7.Түштүк Батыш Кыргызстандагы эн ири шаар?

А)Ош Б)Нарын Г)Жалал-Абад г) Өзгөн.

8.Ак Буура суусунун боюнда жайгашкан шаарды атагыла?

А)Жалал-Абад Б)Баткен В) Ош Г) Таш Көмүр

9.Ленин чокусу кайсыл тоо кыркада?

А)Фергана Б)Талас В) Пскем Г) Чон Алай

10.Сурьма кени кайсыл жерден орун алган?

А)Хайдаркан Б)Майлы Суу В)Кадамжай Г)Сумсар